УДК 342.574(575.2)
DOI: 10.36979/1694-500X-2025-25-3-48-53

# НАРОДНЫЙ КУРУЛТАЙ И ЕГО МЕСТО В ОБЩЕСТВЕ: ТЕОРЕТИКО-ПРАВОВОЙ АНАЛИЗ

***У.О. Аманалиев, Н.О. Курамаева***

*Аннотация.* Рассматривается вопрос о месте Народного Курултая в обществе и его теоретико-правовом анализе. Народный Курултай – общественно-представительное собрание. Как совещательное, наблюдательное собрание он дает рекомендации по направлениям развития общества. Народный Курултай обеспечивает согласование общественно значимых интересов граждан Кыргызской Республики, местного сообщества, органов местного самоуправления и органов государственной власти в целях решения важнейших вопросов экономического и социального развития общества и государства, обеспечения национальной безопасности, защиты прав и свобод граждан, развития гражданского общества, духовно-идеологических вопросов. Поэтому теоретико-правовой анализ Народного Курултая как общественно-представительного органа, вносящего вклад и консультативный вклад в развитие государства, будет иметь глубокое значение.

*Ключевые слова:* Народный Курултай; Конституция; закон; государство; делегаты; депутаты; право; министерство; статья; граждане; положения; общественное собрание.

# ЭЛДИК КУРУЛТАЙ ЖАНА АНЫН КООМДОГУ ОРДУ: ТЕОРИЯЛЫК-УКУКТУК ТАЛДОО

***У.О. Аманалиев, Н.О. Курамаева***

*Аннотация.* Бул макала Элдик Курултайдын коомдогу ордун жана ага теориялык -укуктук талдоо жүргүзүүгө арналган. Элдик Курултай – коомдук-өкүлчүлүктүү жыйын. Элдик Курултай кеңешүүчү, байкоочу жыйын катары коомдун өнүгүү багыттары боюнча сунуштамаларды берет. Элдик Курултай коомду жана мамлекетти экономикалык жана социалдык өнүктүрүүнүн, улуттук коопсуздукту камсыз кылуунун, жарандардын укуктарын жана эркиндигин коргоонун, жарандык коомду өнүктүрүүнүн, руханий – идеологиялык, маанилүү маселелерин чечүү максатында Кыргыз Республикасынын жарандарынын, жергиликтүү жамааттын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана мамлекеттик бийлик органдарынын коомдук маанилүү кызыкчылыктарын макулдашууну камсыз кылат. Ошондуктан элдик курултай-мамлекеттин өнүгүүсүндөгү салым кошуучу  жана кеңеш берүүчү коомдук өкүлчүлүктүү орган катары теориялык-укуктук талдоо терең мааниге ээ болмокчу.

*Түйүндүү сөздөр:* Элдик Курултай; Конституция; мыйзам; мамлекет; делегаттар; депутаттар; укук; министирлик; берене; жарандар; жоболор; коомдук жыйын.

# THE NATIONAL KURULTAI AND ITS PLACE IN SOCIETY: THEORETICAL AND LEGAL ANALYSIS

***U.O. Amanaliev, N.O. Kuramaeva***

*Abstract.* This article is devoted to the question of the place of the national kurultai in society and its theoretical and legal analysis. The People's Kurultai is a socially representative assembly. The People's Kurultai, as an advisory, supervisory assembly, makes recommendations on the directions of the society's development. The National Kurultai ensures the coordination of socially significant interests of citizens of the Kyrgyz Republic, the local community, local self-government bodies and state authorities in order to resolve the most important

issues of economic and social development of society and the state, ensuring national security, protecting the rights and freedoms of citizens, the development of civil society, spiritual and ideological issues. Therefore, the theoretical and legal analysis of the National Kurultai as a socially representative body that makes a contribution and advisory contribution to the development of the state will be of deep importance.

*Keywords:* People's Kurultai; Constitution; law; state; delegates; deputies; law; Ministry; article; citizens; regulations; public assembly.

Кыргызстанда 1992-жылы 30-августта кыргыздардын бүткүл дүйнөлүк биринчи Курултайы болгон. 2010-жылы кабыл алынган Конституциянын 52-беренесинде элдик курултай жөнүндө жобо белгиленген. Анда "Кыргызстандын эли коомдук, мамлекеттик маанилүү иштер боюнча элдик курултай өткөргөнгө укугу бар" деп жазылган. Бирок ошол боюнча элдик курултай мыйзамы кабыл алынган эмес.

2021-жылдын 5-майында Кыргыз Республикасынын Конституциясы кабыл алынып, анын 7, 70, 85, 96-беренелерине Элдик Курултай жөнүндө жоболор киргизилген жана анын макамы, функциясы аныкталган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 7-беренесинин 1-пунктунда Элдик Курултай коомдук – өкүлчүлүктүү жыйын деп жазылып турат [1]. Демек, Элдик Курултай институтунун макамын аныктаганда ал жарандык коомдун жыйыны болот. Кыргызстанда жарандык коом тасирдүү, алар дайыма курч маселелерди көтөрүп турат. Элдик Курултай институту жарандык коомдун өкүлдөрүнүнүн борбордук жыйыны болуп, анын өнүгүшүнө кеңири шарт түзөт. Ошентип Элдик Курултай макамы боюнча бул мамлекеттик бийликтин органы эмес.

Курултайдын функциясы Конституциясынын 7-беренесинде "Элдик Курултай кеңешүүчү, байкоочу жыйын катары коомдун өнүгүү багыттары боюнча сунуштамаларды берет" деп жазылган. Ал эми коомдун өнүгүү багыттары: коомдун экономикалык, саясий, социалдык, руханий негиздери жана коомдун коопсуздугу. Ушул беш багыт боюнча сунуштарын беришет. Сунуштар делегаттар тарабынан Элдик Курултайдын жыйынында же болбосо программа, мыйзам долбоор катары берилүүсү өтө маанилүү. Андан сырткары мамлекеттик кызматкерлерге карата, анын ичинде Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүнүн, аткаруу бийлигинин башка органдарынын жетекчилеринин ишмердиги боюнча өзүлөрүнүн сунуштарын бере алат.

Конституциясынын 7-беренесинде Элдик Курултайдын, ал эми 76-беренеде Жогорку Кеңештин макамы менен функциялары так жазылган. Тактап айтканда, 76-беренеде "Жогорку Кеңеш Кыргыз Республикасынын парламенти – мыйзам чыгаруу бийлигин жана өз ыйгарым укуктарынын негизинде контролдук функцияларын жүзөгө ашыруучу жогорку өкүлчүлүктүү орган" [2] деп жазылган.

Жогорку Кеңеш мамлекеттик бийликтин бутагы. Ал мамлекеттин мыйзам чыгаруучу органы жана өзүнүн ыйгарым укуктарына жараша мамлекеттик бюджеттин аткарылышын текшерет. Андан сырткары кабыл алынган мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөйт. Ал эми Элдик Курултайда андай укук жок. Конституцияда Элдик Курултай өкүлчүлүктүү орган деп жазылса, Жогорку Кеңеш жогорку өкүлчүлүктүү орган деп жазылган. Айырмасы чоң, себеби Жогорку Кеңеш мамлекетте мыйзам чыгарган жападан жалгыз орган. Ошол эле мезгилде анын аткарылышын көзөмөлдөйт.

Конституциянын 85-беренеси боюнча Элдик Курултай мыйзам чыгаруу демилге укугуна ээ болуп, Жогорку Кеңешке мыйзам долбоорун сунуштайт. 2024 – жылдын 20 – декабрынан 23 – декабрына чейин Бишкек каалабызда үчүнчү ЭЛДИК курултай өткөрүлдү. Бул курултайга жалпы Кыргызстандын аймактары боюнча 698 делегат, анын ичинде чет өлкөлөрдө жүргөн мигранттардан жана диний конфессиялардан өкүлдөр катышты [3]. Курултайдын жүрүшүндө ар бир министрлик, мамлекеттик органдардын жетекчилери делагттар менен жолугушууларды өткөрүп аларга аткарылып жаткан кызматтар тууралуу маалымат бергенге житише алышты, ошол эле мезгилде аймактардагы көйгөйлүү маселелерди угуп аларды ордунан дароо чечкенге дагы мүмкүнчүлүк түзүлдү. Азыркы учурда

мамлекеттеги санариптештирүү эң маанилүү маселе катары каралып жаткандыктан делегаттарга санарип министрлиги дагы бир топ маалыматтарды бере алышкан [4].

Колдлонуудагы конституция кабыл алынгандан кийин 2022 – жылдын ноябрь айында биринчи Элдик Курултай өткөрүлгөн. Бул учурда Элдик Курултайдын уюштуруучу укуктук жагын жөнгө салган мыйзам актысы болбогондуктан Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан бекитилген убактылуу жобо аркылуу уюштурулган [5]. Ал эми 2023 – жылдын декабрь айында экинчи Элдик Курултай өткөрүлгөн. Ушул мезгилдер аралыгында өткөрүлгөн Элдик Курулайдын жыйындары уюштурууучулук жактары менен бир топ айырмаланып турду жана ал 2023-жылдын 24-июлунда кабыл алынган “Элдик Курултай” жөнүндөгү Конституциялык мыйзамда каралган негизги принциптерди жетекчиликке алуу менен өткөрүлүүдө. Ошого карабастан аталган конституциялык мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү сунуштары дагы берилүүдө. 2024-жылдын март айында Жогорку Кеңешке мыйзамга өзгөртүү киргизүү сунушу менен Элдик Курултайдын Улуттук Кеңеши аркылуу киргизилген. Өзгөртүү негизинен делегаттырдын шайлануусу курултайды өткөрүү мезгилине гана эмес, бир жылдык мөөнөткө шайлоо сунушу киргизилген. Ошону менен катар курултайдын ишин коомдук башталышта жүзөгө ашырганга, жетектөөчү жана багыт берүүчү жумушчу органы катары Улуттук Кеңеш тууралуу маселеси дагы каралган [6]. Бирок сунуш кылынган мыйзам долбоору 2024 – жылдын сентябрь айында Жогорку Кеңеште колдоо тапкан эмес.

Өткөрүлүп келаткан курултайдын жыйындары көрсөтүп тургандай андагы көтөрүлүүчү маселелердин жогорку деңгээлде болбогонунда. Жыйындын жүрүшүндөгү маселелер абдан майдадаланып жаткандыгын баса белгилемекчибиз. Эгерде аты айтып тургандай Элдик Курултай жалпы мамлекеттин өнүгүүсү үчүн ар кыл багыттагы маселелерге токтолуш керек болсо, анда мамлекеттеги белгиленген негизги багыттар бул экономика, социалдык тармак, руханий жана маданий чөйрөлөр болмокчу. Демек бул жерде делегаттар ошол багыттарды кантип өнүктүрөбүз? Эмне жетишпей жатат? Кандай кылсак көйгөйлөр чечилет? Деген суроолордун алкагында талкуу жарутуулары керек жана мунун негизинде мыйзамдын долбоорун, өнүгүү программасынын долбоорун сунуштоо сыяктуу жыйынтыктарга келсе маанилүүлүгүн, курултайдын улуулугун белгилемекчи.

Дагы бир абдан оор маселе бул Жогорку Кеңеш менен Элдик Курултайдын ортосундагы пикир келишпестик десек дагы болот. Жогорку Кеңеш менен Элдик Курултайдын ишмердигин шайкеш келтирүү абдан маанилүү. Кыргызстандын шартында Элдик Курултай мамлекеттик бийликке жардамчы, өнөктөш болот. Ошондуктан Жогорку Кеңеш үчүн Элдик Курултай көмөкчү, жардамчы коомдук орган гана болуп бермекчи. Курултайга катышкан делегаттар мыйзам долбоорлору менен өз сунуштарын беришсе, Жогорку Кеңешке чоң жардам болот, ошондуктан бул экөөнү карама – каршы коюу туура эмес. Жогорку Кеңеште отурган айрым эл өкүлдөрү аймактардагы көйгөйлөрдү үстүртөн гана билишет. Ал эми Курултайдын делегаттары жер-жерлердеги чечиле турган маселелерди көтөрүп, сунуштайт. Дагы бир белгилей кетүүчү нерсе ошол аймактардан шайланып келген делегаттар Кыргыз Республикасынын жараны катары Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлашкан. Ошондуктан Жогорку Кеңентиш депутаттары курултайдын делегаттары менен эришаркак мыйзам долбоорлорун иштеп чыгуусу маанилүү болмокчу. Үчүнчү элдик курултайда бул маселени чечүү аракети катары мыйзам долбоорлоруе иштеп чыгуу жана аларды Жогорку Кеңешке киргизүү үчүн жумушчу топ түзүлдү. Жумушчу топко Элдик Курултайдын төрагасы Мыктыбек Абдылдаев жетектеген бир катар окумушттулар, коомдук ишмерлер киралды. Жалпы курамы сегиз адамды түздү.

Конституцияда берилген ченемдерге ылайык Элдик Курултайды түзүүнүн жана ишинин ***максаттары*** төмөнкүлөрдөн туурусу маанилүү:

1) мамлекеттик бийлик органдарынын иштерине байланышкан коомдук демилгелерди илгерилетүү, талкуулоо жана тиешелүү мамлекеттик бийлик органдарына сунуштоо;
2) Кыргыз Республикасынын Президентине, Кыргыз Республикасынын Жогорку

Кеңешине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине, Кыргыз Республикасынын Конституциялык Сотуна, Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотуна, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына жана башка мамлекеттик органдарга коомдук мааниси бар, анын ичинде стратегиялык мүнөздөгү сапаттуу чечимдерди даярдоодо жана кабыл алууда кеңеш берүү;

3) Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан кабыл алынган ченемдик-укуктук актылардын Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Конституциялык мыйзамдарга жана мыйзамдарга карама-каршы келбөөсүнө, ачык-айрым болуусуна жана аткарылышына байкоо жүргүзүү;
4) мамлекеттик бийлик органдары тарабынан калкка көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын жакшыртуу боюнча кеңеш берүү жана сунуштоо.

Элдик курултай жогорудагы максаттарга жетүү үчүн төмөндөгүдөй ***милдеттерди*** аткаруусу керек:

1. Элдик Курултай ишин коомчулук менен тыгыз байланышта жүзөгө ашырууга, мамлекеттик бийлик органдарынын ишинин чөйрөсүнө таандык маселелер боюнча жарандардын жана жарандык коомдун уюмдарынын сунуштарын кабыл алууга жана кароого милдеттүү;
2. Элдик Курултайдын иши жөнүндө маалыматтар (иш планы, жыйындарынын ырааттамасы, коомдук угуулар жана башка иш-чараларынын өткөрүлүүчү орду жана убактысы) иш-чара башталганга чейин Элдик Курултайдын расмий веб-сайтына жайгаштырылууга тийиш.
3. Элдик Курултай өз иши, Конституцияда жана Конституциялык мыйзамда каралаган функциясынын алкагында кабыл алынган чечимдер жана алардын аткарылышы, мамлекеттик бийлик органдарына берген кеңештери, сунуштары жөнүндө өзүнүн расмий веб-сайты аркылуу коомчулукка милдеттүү тартипте маалымдоого тийиш.

Элдик курултай институту демократиялык мамлекетте өткөн мезгилдеги жана азыркы учурдагы эл бийлигин ишке ашырууга көмөктөш болгон принциптерди камтыган институт. Ошондуктан бул институттун ишке ашырылышы негизги идеяны камтыган, укуктук жөнгө салуунун маанисин жана багытын аныктаган укуктук ченемдерден түзүлүшү керек. Алар, элдик курултай институтун аныктаган принциптер.

Элдик Курултай институту төмөндөгүдөй принциптерге негизделет:

1. Мыйзамдуулук.
2. Ачыктык (гласность).
3. Катышуунун ыктыярдуулугу.
4. Мүчөлөрүнүн (делегаттарынын) теӊ укуктуулугу.
5. Элдик Куралтайдын мүчөлөрүнүн (делегаттарынын) мезгилдүүлүгү.

1. **Мыйзамдуулук принциби.** Элдик Курултайдын иш аракети Кыргыз Республикасынын Конституциясына, “Элдик Курултай жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70-беренесинин 1-бөлүгүнүн 4-пункту боюнча Элдик курултай Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүнө жана аткаруу бийликтин башка органдарынын жетекчилерине мыйзамга ылайык кызматтан бошотуу тууралуу Президентке **сунуш бере алат**. Берилген сунуш Президент тарабынан мындай маселелерди кароо учурунда эске алынышы мүмкүн.

Элдик Курултай Конституциянын 70-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3-пункту боюнча Президенттин өлкөдөгү абал жана мамлекеттин ички жана тышкы саясатынын багыттары боюнча жыл сайын жасаган кайрылуусуна катышат.

Конституциянын 85-беренесине ылайык Элдик Курултай Мыйзам демилгелөө укугун ишке ашырат. Мыйзам долбоорун демилгелөө боюнча Элдик Курултайдын өкүлдөрүнөн жана тийиштүү адистерден турган жумушчу топ түзүлөт. Жумушчу топ мыйзам долбоорун жана маалымкат негиздемесин иштеп чыгып, мыйзам талап кылган учурда тиешелүү мамлекеттик органдардан макулдашуудан өткөрүп, Элдик Курултайга сунуштайт. Элдик Курултайдын көпчүлүк добушу менен жактырылган мыйзам

доолбору Жогорку Кенештин кароосуна киргизилет.

Конституциянын 96-беренесинин 7-бөлүгүнүн негизинде Элдик Курултайдын өкүлү Сот адилеттиги иштери боюнча кеңештин курамына кирет.

Демек мыйзамдуулук принциби боюнча элдик курултайдын ыйгарым укуктары Конституцияда белгиленген ченемдердин негизинде гана болушу керек.

2. **Ачыктык (гласность) принциби. Элдик Курултайын жыйыны ачык өткөрүлүшү керек.** Элдик Курултайдын жыйынына жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү катышууга укуктуу.

Элдик Курултайдын күн тартиби, аны өткөрүү убактысы жана орду жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдары жана башка мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу аркылуу курултай башталганга чейин 1 айдан кечиктирбестен элге маалымдалат.

Элдик Курултай ар бир календардык жылдын 31-декабрынан кечиктирбестен өткөн жыл үчүн өз иши жөнүндө ар жылдык отчетун өзүнүн расмий веб-сайтында жарыялоого милдеттүү.

3. **Катышуунун ыктыярдуулугу принциби.** 21 жашка толгон Кыргыз Республикасынын жарандары элдик курултайдын делегаттары боло алат. Элдик курултайдын делегаттары чет өлкөдөгү эмгек мигранттарынан, айыл аймактын жана шаардын жергиликтүү жамаатын мүчөлөрүнөн, илим-изилдөө тармагында эмгектенген илимпозтордон жана маданият чөйрөсүдөгү кызматкерлерден, мамлекеттик каттоодон өткөн коомдук уюмдардан, саясий партиялардан шайланат.

Төмөнкүлөр Элдик Курултайдын делегаттары боло албайт:

- мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер;
- жергиликтүү кеңештердин депутаттары жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары;
- соттун чечими менен аракетке жөндөмсүз деп таанылган адамдар;
- чет мамлекеттин жарандары;
- мурда соттолгондор.

4. **Мүчөлөрүнүн (делегаттарынын) тең укуктуулук принциби.** Элдик Курултайдын чечимдери Курултайдын делегаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Элдик Курултайга мүчө болуп келген ар бир делегат бир добушка ээ.

Элдик Курултайдын делегаттарынын ыйгарым укуктары Конституциялык Мыйзам менен бекитилет.

5. **Элдик Куралтайдын мүчөлөрүнүн (делегаттарынын) мезгилдүүлүгү принциби.**

Кыргыз Республикасынын Элдик Курултайдын делегаттары үч жылдык мөөнөткө шайланат.

Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо милдеттүү болуп саналат жана Конституциялык Мыйзам менен белгиленген мөөнөттөрдө жана тартипте мезгилдүү өткөрүлөт.

Төмөндөгүдөй учурларда Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо жана жыйынын өткөрүүгө тыюу салынат:

1) Кыргыз Республикасынын бардык аймагында өзгөчө же согуштук абал же өзгөчө кырдаал киргизилгенде;
2) Кыргыз Республикасынын аймагынын өзүнчө бөлүгүндө – ошол аймакка өзгөчө же согуштук абал же өзгөчө кырдаал киргизилгенде;
3) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнүн бүтөөрүнө жарым жыл калганда.

Жыйынтыктап жатып биринчиден, Элдик Курултайдын ыйгарым укугу Конституциядагы каралган ченемдерге карама – каршы келбеши керек жана “Элдик Курултай жөнүндөгү” Конституциялык мыйзамга жогорудагы каралган максаттарга ылайык, ага жараша аткарылуучу милдеттерди жана принциптерди жетекчиликке алуу менен өзгөртүүлөрдү жана толуктоолор киргизилүүсү абзел.

Экинчиден, Элдик Курултай парламенттен жана башка мамлекеттик бийлик органдарынан отчеттулукту талап кылуу максатында эмес, мамлекеттин өнүгүүсүндөгү беш багыт боюнча сунуш жана кеңеш берүүчү коомдук өкүлчүлүктүү орган болмокчу.

Поступила: 27.01.2025;
рецензирована: 10.02.2025; принята:12.02.2025.

***Колдонулган адабияттар***

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. URL: https://www.gov.kg/ky/p/constitution (дата обращения: 15.05.2024).
2. Үчүнчү Элдик Курултай аяктады. URL: https://eltr.kg/%d2%afch%d2%afnch%d2%af-eldik-kurultaj-ayaktady/ (дата обращения: 27.12.2024).
3. Санариптик өнүктүрүү министри III Элдик курултайдын делегаттары менен жолугушту. URL: https://digital.gov.kg/ky/press/ministr-czifrovogo-razvitiya-vstretilas-s-delegatami-iii-narodnogo-kurultaya/ (дата обращения: 27.12.2024).
4. Элдик Курултай жөнүндө УБАКТЫЛУУ ЖОБО 2022-жылдын 15-августундагы ПЖ № 284 “Элдик Курултайды чакыруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен бекитилген. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/434800/edition/1277288/ (дата обращения: 16.05.2024).
5. Үчүнчү элдик курултай: көтөрүлгөн көйгөйлөр жана сунуштар. URL: https://www.bbc.com/kyrgyz/articles/cx2yn8x5904 (дата обращения: 27.12.2024).
6. Народный Курултай создал рабочую группу. Она будет инициировать законопроекты. URL: https://24.kg/obschestvo/314948 (дата обращения: 28.12.2024).